**Окуунун көркөмдүүгүн (ачык-айкындыгын) баалоо критерийлери**
(кыргыз класстары үчүн)

**Максималдуу балл – 30.**

**Эскертүүлөр:**
1. Көркөм окуу үчүн тандалган текст мектеп программасында окутулбаш керек.
2. Тапшырманы аткарууда тигил же бул көрсөткүчкө (индикаторго) жетишкендиктин жоктугу критерий боюнча тийиштүү баллдын жалпы баллдан кемитилишине алып келет.
3. Тапшырманы аткаруу маалында монотондуу (бир калыптагы) окуу орун алса, төмөн балл же нөл менен бааланат.
4. Өзү ойлоп чыгарган чыгармалар кабыл алынбайт.

| **Пункт № / Критерийлер** | **Көрсөткүчтөр (индикаторлор)** | **Балл** |
|---|---|---|
| **1. Чыгарманын тандалышы** | • Чыгарма көркөм баалуулук катары каралат (кыргыз жана чет өлкө классикасы, заманбап адабият) – **1,5 балл**.<br>• Чыгарма конкурсанттын жаш өзгөчөлүгүнө туура келет – **1,5 балл.** | **3 балл** |
| **2. Окуу жана кеп техникасы** | 1. **Авторду жана чыгарманы атайт – 1 балл.**<br>2. **Толук текстти жакшы билет жана окуйт – 2 балл.**<br>3. **Сөздөрдү жана айтымдарды (сөз айкаштарын, фразеологизмдерди, сүйлөмдөрдү) туура айтат – 2 балл.** | **5 балл** |
| **3. Кеп логикасы** | 1. **Бүткүл текстте логикалуу тынымдар менен басымдарды сактайт – 3 балл.**<br>2. **Бүткүл текстти окуп жатканда** интонацияны, темпти жана ритмди текстке жараша өзгөртүп турат – **3 балл.** | **6 балл** |
| **4.Эмоционалдуу-образдуу көркөмдүүлүк** | 1. **Автордун сезимдерин, каармандын санааларын жалпысынан берет – 3,5 балл.**<br>2. Темага, автордун мүдөөсүнө, образдарга, **бүткүл чыгармага** жана **тексттин ар бир бөлүгүнө** (ырлар, прозадан үзүндүлөр ж.б.у.с.) карата өз мамилесин үнү, интонациясы менен **туюндурат – 3,5 балл.** | **7 балл** |
| **5. Чыгарманын тандалышын негиздеп берүү** | 1. Текстке (ЖЕ автордун өмүр баянына, жеке тажрыйбасына ж.б.у.с.) таянуу менен **жүйөлөрдү** (эң аз 2) **келтирет – 2 балл.**<br>2. **Кептин тууралыгын көрсөтөт** (кыргыз адабий тилинин орфоэпия, акцентология, сөз жасоо, морфология, синтаксис, кеп нормаларын сактоо – ар бир ката үчүн баа 0,5 баллга төмөндөтүлөт) **– 3 балл.**<br>3. Бул чыгармадагы көркөм кептин **өзгөчөлүктөрүн** (сүрөттөө-туюндуруу каражаттары, деталдары ж.б.у.с.) **аныктайт**, теориялык-адабий түшүнүктөрдү **колдонот – 2 балл**.<br>4. Калыстар тобунун **суроолоруна берген жоопторунда мазмундуулукту көрсөтөт – 2 балл**. | **9 балл** |
| | **Бардыгы** | **30 балл** |